КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**XXVIII чакырылышынын кезектеги №21-сессиясынын**

**2023-жылдын 22-декабрь , № 106 Даркан айылы**

# Т О К Т О М У

**Жаны конуштун көчөлөрүнө аталыштарды берүү
ж ө н ү н д ө**

Айыл тургундарынын жана айылдык кеңештин депутаттарынын арыз, кайрылуулары менен таанышып , талкуулап , “Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген “Кыргыз Респубикасындагы географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун 10-пунктуна ылайык айыл тургундарынын пикирин эске алуу менен айылдык кеңеш **токтом кылат;**

1. 17 га жер аянтында жайгашкан Жаны айылдын көчөлөрүнө;

1) Даркан айылынан Тосор айылына чейинки урпактардын түпкү атасы Желдең Атанын ысымы Жаны айылдын биринчи көчөсүнө ыйгарылсын.

2) Эл агартуу тармагында көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенип, коомдук иштерге жигердүү катышып, “Эл агартуунун отличниги” төш белгисинин ээси, “Жети-Өгүз районунун Ардактуу мугалими”, “Даркан айылынын Ардактуу атуулу” наамы менен сыйланган Мукамбетов Садырбайдын ысымы жаңы айылдын экинчи көчөсүнө ыйгарылсын.

3) Чарба иштеринде үзүрлүү эмгектенип, эки жолу айылдык кеңештин дептаттыгына шайланган, чарба учурунда “Социалистик мелдештин женүүчүсү” төш белгиси, бир канча жолу Ардак грамоталар менен сыйланган Курманалиев Калыбайдын ысымы Жаңы айылдын үчүнчү көчөсүнө ыйгарылсын.

4) Аталган көчөнүн инфратүзүмүн жакшыртуу, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча дайыма иш алып баруу Мукамбетов Садырбайдын, Курманалиев Калыбайдын балдарына тапшырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин социалдык жана укук коргоо маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрагасы Р.Иязалиев